**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**

**МИНИСТЕРСТВО ОБРАЗОВАНИЯ И НАУКИ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**

**MINISTRY OF EDUCATION AND SCIENCE OF THE KYRGYZ REPUBLIC**

**БУЙРУК** **ПРИКАЗ**

№ 373/1 2014-жылдын « 23 » мая

**Экстернат формасында жалпы орто билим алуу тууралуу Жобону бекитүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын жарандарынын экстернат формасында жалпы орто билим алуу укугун камсыз кылуу максатында

**БУЙРУК КЫЛАМ:**

1. Экстернат формасында жалпы орто билим алуу жөнүндөгү Жобо бекитилсин (тиркеме № 1).
2. Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинде 2005-жылдын 3-октябрындагы №617-01 менен катталган Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим министрлигинин „Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүүчү уюмдарында экстернат таризинде мектептик билим алуу жөнүндөгү“ 2005-жылдын 14-сентябрындагы №617/1 буйругу күчүн жоготту деп табылсын.
3. Бул буйрук „Кутбилим“ гезитинде (К. Чекиров) расмий түрдө жарыялансын.
4. Бул буйруктун аткарылышын көзөмөлдөө Мектепке чейинки, мектепте жана мектептен тышкаркы билим берүү башкармалыгына (М. Усеналиев) жүктөлсүн.

**Об утверждении Положения о получении среднего общего образования в форме экстерната**

В целях обеспечения прав граждан Кыргызской Республики на получение среднего общего образования в форме экстерната,

**ПРИКАЗЫВАЮ:**

1. Утвердить прилагаемое Положение о получении среднего общего образования в форме экстерната (приложение 1).
2. Признать утратившим силу приказ Министерства образования и науки Кыргызской Республики №617/1 от 14 сентября 2005 года „Об утверждении Положения о получении школьного образования в форме экстерната в общеобразовательных организациях Кыргызской Республики“, зарегистрированного в Министерстве Юстиции Кыргызской Республики №138-05 от 3 октября 2005 года.
3. Настоящий приказ опубликовать в газете “Кутбилим” (К. Чекиров).
4. Контроль над исполнением настоящего приказа возложить на Управление дошкольного, школьного и внешкольного образования (М. Усеналиев).

**Министр** **К. Садыков**

№ 0018505

**Приложение 1**
**Утверждено приказом**
**Министерства образования и науки КР**
**№ 373/1 от 23 мая 2014 г.**

# ПОЛОЖЕНИЕ О ПОЛУЧЕНИИ СРЕДНЕГО ОБЩЕГО ОБРАЗОВАНИЯ В ФОРМЕ ЭКСТЕРНАТА

## I. Общие положения

1.1. Настоящее Положение определяет порядок получения среднего общего образования в форме экстерната, предусмотренного ст. 14 Закона Кыргызской Рсепублики "Об образовании".

1.2. Получение общего образования в форме экстерната предполагает самостоятельное изучение экстерном общеобразовательных программ начального общего, основного общего, среднего общего образования с последующей промежуточной и государственной (итоговой) аттестацией в общеобразовательной организации, при наличии данного вида деятельности в его Уставе и прошедшей государственную аккредитацию (аттестацию).

*Экстерн* - лицо, самостоятельно осваивающее общеобразовательные программы, которому предоставлена возможность прохождения промежуточной и государственной (итоговой) аттестации в общеобразовательной организации, имеющей государственную аттестацию.

1.3. Лица, осваивавшие общеобразовательные программы в аттестованных образовательных организациях, в форме семейного образования и самообразования, имеют право в качестве экстернов пройти промежуточную и государственную (итоговую) аттестацию в общеобразовательной организации, имеющей государственную аттестацию.

1.4. Обучающиеся, осваивающие общеобразовательные программы в очной форме в аккредитованных общеобразовательных организациях, имеют право пройти в этих организациях промежуточную и (или) государственную (итоговую) аттестацию экстерном по отдельным предметам общеобразовательных программ, общеобразовательным программам начального общего, основного общего и среднего общего образования.

1.5. Для получения общего образования в форме экстерната в пределах основных общеобразовательных программ начального общего, основного общего и среднего общего образования действует единый государственный образовательный стандарт.

1.6. Получение общего образования в форме экстерната не ограничивается возрастом.

1.7. Общеобразовательная организация по желанию экстернов может оказывать дополнительные платные образовательные услуги.

2.6. Экстерн имеет право:

• получать необходимые консультации (в пределах 2 учебных часов перед каждым экзаменом);

• брать учебную литературу из библиотечного фонда общеобразовательной организации;

• посещать лабораторные и практические занятия;

• принимать участие в различных олимпиадах и конкурсах, тестировании.

2.7. Экстерны, не прошедшие либо не явившиеся на промежуточную и (или) государственную (итоговую) аттестации, имеют право в последующем пройти промежуточную и государственную (итоговую) аттестации в порядке и в сроки, установленные настоящим Положением.

2.8. Обучающиеся, указанные в п. 1.4 настоящего Положения, не прошедшие промежуточную и (или) государственную (итоговую) аттестации в форме экстерната, продолжают осваивать общеобразовательные программы в очной форме в установленном порядке.

## III. Аттестация экстернов

3.1. Порядок, форма и сроки проведения промежуточной аттестации устанавливаются общеобразовательной организацией. Порядок и форма проведения годовой промежуточной аттестации экстерна в выпускных IX и XI классах устанавливается государственным органом при наличии ходатайства органа образования или общеобразовательной организации.

3.2. Государственная (итоговая) аттестация экстернов проводится в соответствии с положением о государственной (итоговой) аттестации выпускников IX и XI классов общеобразовательных организаций Кыргызской Республики. Для экстернов, обучающихся по международным программам за рубежом, или не принявших участие в промежуточных аттестациях по уважительной причине, устанавливаются дополнительные сроки проведения промежуточных и государственной (итоговой) аттестаций. Экстерны, не прошедшие в установленные сроки промежуточную аттестацию без уважительной причины, решением педагогического совета школы, не допускаются к переводным экзаменам или Государственной (итоговой) аттестации.

3.3. Промежуточная аттестация предшествует годовой промежуточной аттестации и государственной (итоговой) аттестации экстернов. Промежуточная аттестация экстернов в общеобразовательной организации проводится по предметам базисного учебного плана общеобразовательной организации, кроме предметов "изо и художественный труд", "физическая культура", "технология", если эти предметы не являются профильными в данной общеобразовательной организации, классе. Выбор иностранного языка осуществляется экстерном и указывается в заявлении о зачислении в общеобразовательную организацию.

3.4. По решению руководителя общеобразовательной организации экстерну могут быть перезачтены отметки по предметам, полученные ранее в другой образовательной организации. Перезачет отметки годовой промежуточной аттестации может быть только в исключительных случаях по решению педагогического совета общеобразовательной организации и согласию экстерна или родителей.

3.5. Количество экзаменов при промежуточной аттестации экстернов не должно быть более 12 в год. Промежуточные и государственная (итоговая) аттестации могут проводиться в течение одного учебного года, но не должны совпадать по срокам.

3.6. Промежуточная и государственная (итоговая) аттестации экстернов отражаются в протоколах экзаменов с пометкой "Экстернат", которые подписываются всеми членами экзаменационной комиссии и утверждаются руководителем общеобразовательной организации. К протоколам прилагаются письменные материалы экзаменов.

3.7. Экстерны, прошедшие промежуточную аттестацию и переводные экзамены за полный курс переводного класса, решением педагогического совета школы переводятся в следующий класс в установленном порядке.

3.8. Экстернам, прошедшим промежуточную аттестацию и не проходившим государственную (итоговую) аттестацию, выдается справка о промежуточной аттестации по установленной форме (приложение 1).

3.9. Экстернам, прошедшим государственную (итоговую) аттестацию, выдается документ государственного образца об основном общем или среднем общем образовании. В документе об образовании делается пометка «экстернат». Документ об образовании экстерна регистрируется общеобразовательной организацией в книге выдачи документов об образовании государственного образца с пометкой «экстернат».

3.10. Экстерн, не прошедший промежуточную годовую и (или) государственную (итоговую) аттестации(ю), продолжает обучаться в очной форме в общеобразовательной организации согласно установленного порядка.

3.11. В книгах протоколов педагогических советов общеобразовательных организаций записываются результаты промежуточных и государственной (итоговой) аттестации экстернов, а также делаются записи с пометкой «экстернат», которые подписываются всеми членами аттестационной комиссии и утверждаются руководителями общеобразовательных организаций. К протоколам прилагаются материалы аттестации. Решение рабочей комиссии о допуске к итоговой государственной аттестации экстернов IX и XI классов рассматривается по результатам годовой промежуточной аттестации.

3.12. Дети-инвалиды, получающие пособия как инвалиды детства, дети-сироты, и дети, воспитывающиеся в семейных детских домах (приемных семьях), экстерны из многодетных семей и неполных семей, получающие единое

ежемесячное пособие (названная категория семей определяется государственным органом, и учащиеся (воспитанники) и родители (законные представители), которые имеют свидетельства на право предоставления льгот, установленных законодательством Кыргызской Республики, проходят промежуточную и государственную (итоговую) аттестации в IX и XI классах в общеобразовательной организации, где обучались в форме экстерната. Копии документов, подтверждающих категорию вышеперечисленных лиц, и соответствующие ходатайства общеобразовательных организаций направляются в министерство.

3.13. Экстерны переводных и выпускных классов общеобразовательных организаций освобождаются от промежуточной и государственной (итоговой) аттестаций на основании заключений постоянно действующих медицинских комиссий и решений педагогических советов общеобразовательных организаций при условии, если они имеют положительные годовые оценки по всем учебным предметам. Освобождение обучающихся от промежуточной и (или) государственной (итоговой) аттестаций проводится на основании приказов Министерства здравоохранения Кыргызской республики № 97 от 17 марта 2005 года и Министерства образования и науки Кыргызской Республики № 116/1 от 17 марта 2005 года.

3.14. Журнал регистраций заявлений, приказы о зачислении экстернов, классные журналы, где имеется пометка «экстерн», протоколы педагогических советов, а также протоколы промежуточной и государственной (итоговой) аттестации, ведомости с результатами письменных, устных экзаменов и соответствующие аттестационные материалы хранятся в установленном порядке в общеобразовательной организации.

3.15. Контроль над проведением промежуточной (за I и II-полугодие), годовой и государственной (итоговой) аттестацией экстернов и выдачей документов об образовании осуществляет руководитель общеобразовательной организации.

## IV. Проведение и подведение итогов годовой промежуточной аттестации экстернов.

4.1. Годовая промежуточная аттестация экстернов осуществляется согласно требованиям Положения Национального центра тестирования (далее – НЦТ) и приказа министерства.

4.2. К годовой промежуточной аттестации допускается экстерн, утвержденный приказом министерства. Количество предметов годовой промежуточной аттестации, дата и место проведения устанавливается приказом министерства. Продолжительность тестирования экстернов IX и XI классах составляет не более 1 часа на каждый предмет, период проведения аттестации в IX и XI классах в течение одного дня. К годовой промежуточной аттестации допускаются экстерны, имеющие при себе

документы, удостоверяющие личность: свидетельство о рождении или паспорт, справку с места учебы с фотографией.

4.3. Экстерны, опоздавшие на тестирование, могут быть допущены к выполнению тестовых заданий в пределах оставшегося времени.

4.4. Результаты годовой промежуточной аттестации обрабатываются НЦТ, рассматривается рабочей комиссией и утверждается приказом министерством. Утвержденные результаты промежуточной годовой аттестации направляются в органы образования, образовательные организации.

Приложение N 1

СПРАВКА О ПРОМЕЖУТОЧНОЙ АТТЕСТАЦИИ В ОБЩЕОБРАЗОВАТЕЛЬНОЙ ОРГАНИЗАЦИИ

___________________________________________

(фамилия, имя, отчество)

в ___________________________________________

(наименование общеобразовательной организации, адрес)

___________________________________________

в ___________ учебном году пройдена промежуточная аттестация

___________________________________________

| № п/п | Наименование учебных предметов | Полугодие, класс, полный курс предмета | Оценка |
|---|---|---|---|
| | | | |
| | | | |
| | | | |
| | | | |
| | | | |
| | | | |
| | | | |
| | | | |
| | | | |
| | | | |
| | | | |
| | | | |

__________________________________ класс ___________.

(Ф.И.О. обучающегося) (продолжит обучение, переведен)

Директор общеобразовательной организации ___________

(Ф.И.О.)

(М.П.)

"___" ___________ _____г.

1-Тиркеме
КРнын Билим берүү жана илим министрлигинин
№_______ - буйругу менен
2014-жылдын ______________ бекитилген

# ЭКСТЕРНАТ ТАРИЗИНДЕ ЖАЛПЫ ОРТО БИЛИМ АЛУУ ЖӨНҮНДӨ ЖОБО

## I. Жалпы жоболор.

1.1. Бул Жобо Кыргыз Республикасынын „Билим берүү жөнүндөгү“ Мыйзамынын 30.07.2013. күнүнөн № 187 – редакцияланышында 14 – беренеде каралган экстернат таризинде жалпы орто билим алуу тартибин аныктайт.
1.2. Экстернат таризинде жалпы билим алуу Уставында ишкердүүлүктүн бул түрү көрсөтүлгөн, мамлекеттик аккредитациядан (аттестациядан) өткөн жалпы билим берүү уюмунда экстерндин башталгыч жалпы, негизги жалпы, жалпы орто билимди өз алдынча өздөштүрүп, аралык жана мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестациясынан өтүшүн аныктайт. Экстерн - жалпы билим берүү программаларын өз алдынча өздөштүргөн, мамлекеттик аккредитациядан (аттестациядан) өткөн жалпы билим берүү уюмунда аралык жана мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестациядан өтүүгө мүмкүндүк берилген адам.
1.3. Аттестациядан өткөн жалпы билим берүү уюмдарында жалпы билим берүү программаларын үй-бүлөлүк жана өз алдынча билим алуу түрүндө өздөштүргөн адамдар мамлекеттик аттестациядан өткөн жалпы билим берүү уюмунда экстерн таризинде аралык жана мамлекеттик (жыйынтыктоочу) аттестациядан өтүүгө укуктуу.
1.4. Жалпы билим берүү программаларын аккредитациядан өткөн жалпы билим берүү уюмдарында күндүз өздөштүрүп жаткандар бул уюмдарда жалпы билим берүү программаларынан айрым бир сабактар боюнча, башталгыч жалпы, негизги жалпы, жалпы билим берүүнүн жалпы билим берүү программалары боюнча экстерн таризинде аралык жана (же) мамлекеттик (жыйынтыктоочу) аттестациядан өтүүгө укуктуу.
1.5. Башталгыч жалпы, негизги жалпы жана жалпы орто билим берүүнүн негизги жалпы билим берүү программаларынын чегинде экстернаттык таризде жалпы билим алуу үчүн бирдиктүү мамлекеттик билим берүү стандарты кызмат кылат.
1.6. Экстернат таризинде жалпы билим алууда экстерндердин жаш курак өзгөчөлүктөрү чектелбейт.
1.7. Экстерндин каалоосу боюнча жалпы билим берүү уюму төлөм негизинде кошумча билим берүү кызматтарын көрсөтө алат.

II. Экстернат таризинде жалпы билим алуу, күндүзгү жана экстернат таризинде жалпы билим алууну айкалыштыруу тартиби.

2.1. Экстернат таризинде билим алуу окуучулардын жана алардын ата-энелеринин (алардын ордун басуучу адамдардын) каалоосу боюнча ишке ашырылат.
2.2. Аралык жана (же) мамлекеттик (жыйынтыктоочу) аттестациядан экстернат таризинде өтүү жөнүндө арызы жашы толгон жаран тарабынан жалпы билим берүү уюмунун жетекчисинин атына жекече, ал эми жашы жетпегендерге ата-энелери (мыйзамдуу өкүлдөрү) тарабынан берилет.

Жалпы билим берүү уюмдарында жалпы билим берүү программаларынан айрым бир сабактар боюнча, башталгыч жалпы, негизги жалпы, жалпы билим берүүнүн жалпы билим берүү программалары боюнча экстерн таризинде аралык жана (же) мамлекеттик (жыйынтыктоочу) аттестациядан өтүү арызы бул жалпы билим берүү уюмдарында жалпы билим берүү программаларын күндүз өздөштүрүп жаткан жашы жете элек окуучулардын атынан ата-энелери (мыйзамдуу өкүлдөрү) тарабынан берилет.

2.3. Арыз менен бирге жалпы билим берүү программаларын өздөштүргөндүгүн тастыктоочу документтер: башталгыч жалпы, негизги жалпы, жалпы орто билим берүү уюмдарында окугандыгы жөнүндө маалымкат; билим берүү уюмундагы аралык аттестация жөнүндө маалымкат; көчүрүлүүчү классы жөнүндө маалымкат же негизги жалпы билими жөнүндөгү документ тапшырылат.

Алардан тышкары, өз алдынча, үй-бүлөлүк билим алуу таризине чейинки мезгилде чет мамлекеттердин билим берүү мекемелеринде окугандыгын аныктоочу документтер да тапшырылышы мүмкүн. Аталган документтер жок болгон учурда (чет өлкөлүк жарандар өз алдынча билим алуу, чет өлкөдө билим алуу тууралуу документтерин жоготуп алган учурда) жалпы билим берүү программаларын өздөштүрүү деңгээли жалпы билим берүү уюмунун Уставында каралган тартип боюнча аныкталат.

2.4. Аралык аттестациялардан өтүү үчүн арыз жазуунун мөөнөтү билим берүү уюму тарабынан белгиленет. Мамлекеттик (жыйынтыктоочу) аттестациядан өтүү үчүн арыз берүүнүн мөөнөтү аттестациянын башталышына чейин үч ай мурда белгиленет.
2.5. Экстерн таризинде аралык жана (же) мамлекеттик (жыйынтыктоочу) аттестациядан өтүү арызын кабыл алган учурда билим берүү уюму экстернди, ошондой эле жашы жетпеген экстерндин ата-энелерин (мыйзамдуу өкүлдөрүн) бул Жобо, жалпы билим берүү уюмунун уставы, „Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүү уюмдарынын IX, XI классынын бүтүрүүчүлөрүн мамлекеттик (жыйынтыктоочу) аттестациясын

өткөрүүнүн тартиби жөнүндөгү“ Жобо, окуу сабактарынын программалары менен тааныштырууга милдеттүү.
2.6. Экстерн:

ар бир экзамендин алдында (2 окуу сабагынын өлчөмүндө) зарыл консультация алууга;
жалпы билим берүү уюмунун китепкана фондусунун окуу адабияттарынан пайдаланууга;
лабораториялык жана практикалык сабактарга катышууга;

ар кандай олимпиадалар менен конкурстарга, тестирлөөгө катышууга укуктуу.

2.7. Аралык жана (же) мамлекеттик (жыйынтыктоочу) аттестациядан өтпөй калган же келбей калган экстерндер аралык жана (же) мамлекеттик (жыйынтыктоочу) аттестацияны бул Жобо аныктаган тартипте жана мөөнөттөрдө тапшыра алууга укуктуу.

2.8. Бул Жобонун 1.4.тарамында көрсөтүлгөн окуучулар аралык жана (же) мамлекеттик (жыйынтыктоочу) аттестациядан экстернат таризинде өтпөй калган учурда жалпы билим берүү программаларын өздөштүрүүнү аныкталган тартипте күндүзгү окуу түрүндө улантышат.

III. Экстернди аттестациялоо.

3.1. Аралык аттестациясын жүргүзүүнүн тартиби, таризи жана мөөнөттөрү жалпы билим берүү уюм тарабынан белгиленет. Бүтүрүүчү IX, XI класста экстерндин жылдык аралык аттестациясын жүргүзүүнүн тартиби жана таризи билим берүү органынын же жалпы билим берүү уюмунун өтүнүчү менен мамлекеттик орган тарабынан белгиленет.
3.2. Экстерндин мамлекеттик (жыйынтыктоочу) аттестациясы „Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүү уюмдарынын IX, XI классынын бүтүрүүчүлөрүн мамлекеттик (жыйынтыктоочу) аттестациясын өткөрүүнүн тартиби жөнүндөгү“ Жобого ылайык жүргүзүлөт. Чет өлкөлөрдө эл аралык программалар боюнча билим алып жаткан же аралык аттестацияга жүйөлүү себептер менен катыша албай калган экстерндер үчүн аралык жана мамлекеттик (жыйынтыктоочу) аттестация жүргүзүүнүн кошумча мөөнөттөрү белгиленет. Аралык аттестацияга жүйөлүү себеби жок катышпай калган экстерндерге мектептин педагогикалык кеңешинин чечими менен көчүрүү экзамендерине же Мамлекеттик (жыйынтыктоочу) аттестацияга кирүү укугу берилбейт.
3.3. Аралык аттестация экстерндин жылдык аралык жана мамлекеттик (жыйынтыктоочу) аттестациясына чейин өткөрүлөт. Жалпы билим берүү уюмдарында экстерндин аралык аттестациясы бул жалпы билим берүү уюмунда, класста көркөм сүрөт жана эмгекке үйрөтүү, дене-тарбия, технология сабактары

профилдүү сабактар болбогон учурда аталган сабактардан тышкары жалпы билим берүү уюмунун базистик окуу мерчеминдеги сабактар боюнча өткөрүлөт. Чет тилин тандоо экстерн тарабынан жүргүзүлөт жана жалпы билим берүү уюмуна кабыл алуу тууралуу арызында көрсөтүлөт.

3.4. Жалпы билим берүү уюмунун жетекчисинин чечими менен экстерндин башка билим берүү уюмунда сабактардан мурунку алган баалары кайра тапшырылышы мүмкүн.

3.5. Экстерндин аралык аттестациясы учурунда экзамендердин саны жылына 12ден ашпашы керек. Аралык жана мамлекеттик (жыйынтыктоочу) аттестация бир эле окуу жылынын ичинде өткөрүлүшү мүмкүн, бирок алардын мөөнөттөрү бири-бирине дал келбеши керек.

3.6. Экстерндин аралык жана мамлекеттик (жыйынтыктоочу) аттестациясы экзамендик комиссиянын бардык мүчөлөрү тарабынан кол коюлган жана жалпы билим берүү уюмунун жетекчиси бекиткен экзамендик протоколдордо „экстернат“ деп белгилениши керек. Протоколдорго экзамендин жазма материалдары тиркелет.

3.7. Көчүрүү классынын толук курсу үчүн көчүрүү классынын аралык аттестациясын жана көчүрүү экзамендерин ийгиликтүү тапшырган экстерндер мектептин педагогикалык кеңешинин чечими менен белгиленген тартипте кийинки класска көчүрүлөт.

3.8. Аралык аттестациясынан өткөн жана мамлекеттик (жыйынтыктоочу) аттестациясын тапшырбаган экстерндерге аралык аттестациясын тапшыргандыгы тууралуу белгиленген тартипте маалымкат берилет (1-тиркеме).

3.9. Мамлекеттик (жыйынтыктоочу) аттестациясынан өткөн экстерндерге негизги жалпы же орто жалпы билими тууралуу мамлекеттик үлгүдөгү документ берилет. Билими тууралуу документте „экстернат“ деген белги коюлат. Экстерндин билими тууралуу документи жалпы билим берүү уюму тарабынан билими тууралуу мамлекеттик үлгүдөгү документтерди берүү китебинде „экстернат“ деген белги менен катталат.

3.10. Аралык жылдык жана (же) мамлекеттик (жыйынтыктоочу) аттестациясынан өтпөгөн экстерндер белгиленген тартипте жалпы билим берүү уюмунда күндүзгү окуу тарызинде окуусун улантат.

3.11. Жалпы билим берүү уюмдарынын педагогикалык кеңештеринин протоколдору жазылган китептерде экстерндердин аралык жана мамлекеттик (жыйынтыктоочу) аттестациясынын жыйынтыктары жазылат, „экстернат“ деген белги коюлат, экзамендик комиссиянын бардык мүчөлөрү тарабынан кол коюлат жана жалпы билим берүү уюмунун жетекчиси бекитет. Протоколдорго экзамендин жазма материалдары тиркелет. Жумушчу комиссия тарабынан IX, XI классынын бүтүрүүчүлөрүнө жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестацияга кирүү укугун берүү жылдык аралык аттестациянын жыйынтыгы боюнча каралат.

3.12. Бала кезинен майып катарында жөлөк пул алуучу майып балдар, жетим балдар жана үй-бүлөлүк балдар үйлөрүндө (асырап алган үй-бүлөлөрдө) тарбияланып жаткан, балдар, көп балалуу жана айына бир жолу жөлөк пул алуучу үй-бүлөлөр (мындай үй-бүлөлөр мамлекеттик органдар тарабынан аныкталат) жана Кыргыз Республикасынын мыйзамы тарабынан белгиленген кепилдиктерди алууга укук берүүчү күбөлүктөрү бар ата-энелердин (мыйзамдуу өкүлдөрдүн) окуучу балдары (тарбиялануучулары) IX, XI класстын аралык жана мамлекеттик (жыйынтыктоочу) аттестациясын экстернат таризинде билим алган жалпы билим берүү уюмунда тапшырышат. Жогоруда аталган адамдардын категориясын тастыктаган документтердин көчүрмөлөрү жана жалпы билим берүү уюмдарынын тиешелүү өтүнүч каттары министрликке жиберилет.

3.13. Жалпы билим берүү уюмдарынын көчүрүүчү жана бүтүрүүчү класстарында экстерн таризинде окуп жаткандар бардык окуу сабактарынан жылдык баалары бар болсо дайыма иштөөчү медициналык комиссиянын бүтүмүнүн негизинде жана жалпы билим берүү уюмдарынын педагогикалык кеңештеринин чечимдери менен аралык жана мамлекеттик (жыйынтыктоочу) аттестациясынан бошотулат. Окуп жаткандарды аралык жана (же) мамлекеттик (жыйынтыктоочу) аттестациясынан бошотуу Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин 2005-жылдын 17-мартында кабыл алынган № 97-буйругунун жана Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим министрлигинин 2005-жылдын 17- мартында кабыл алынган № 116/1-буйругунун негизинде жүргүзүлөт.

3.14. Арыздарды каттоо журналы, экстерндерди кабыл алуу тууралуу буйруктар, „экстерн" белгиси коюлган класстык журналдар, педагогикалык кеңештердин протоколдору, ошондой эле аралык жана мамлекеттик (жыйынтыктоочу) аттестациясынын протоколдору, жазуу жана оозеки экзамендеринин жыйынтыгы көрсөтүлгөн тизмелер, тиешелүү аттестациялык материалдар орнотулган тартипте жалпы билим берүү уюмдарында сакталат.

3.15. Экстерндердин аралык (I, II жарым жылдык үчүн), жылдык жана мамлекеттик (жыйынтыктоочу) аттестациясына көзөмөл кылуу жана билими тууралуу документ берүү жалпы билим берүү уюмунун жетекчиси тарабынан жүргүзүлөт.

## IV. Экстернаттын жылдык аралык аттестациясын өткөрүү жана анын жыйынтыктарын чыгаруу.

4.1. Экстерндердин жылдык аралык аттестациясы Улуттук тестирлөө борборунун Жобосунун талаптарына ылайык жүргүзүлөт.

4.2. Жылдык аралык тестирлөө сынагына министрликтин буйругу менен бекитилген экстерн гана киргизилет. Жылдык аралык аттестациясына

чыгарылган сабактардын саны, өтүү орду жана мөөнөтү министрликтин буйругу менен белгиленет. IX, XI класстардын экстерн окуучуларын тестирлөөдө ар бир сабакка 1 саат берилип, IX, XI класстар үчүн аттестация 1 күн ичинде өткөрүлөт. Жылдык аралык аттестациясына кирүү укугу өзү менен кошо туулгандыгы тууралуу күбөлүгү же паспорту, окуган мектебинен сүрөтү чапталган маалымкаты бар экстерндерге берилет.

4.3. Тест сынагына кечигип келген окуучулар тест тапшырмаларын аткаруу үчүн калган убакыттын чегинде гана киргизилиши мүмкүн.

4.4. Тестирлөөнүн жыйынтыгы Улуттук тестирлөө борборунда иштелип чыгып, жумушчу комиссия тарабынан каралат жана министрликтин буйругу менен бекитилет.

Жылдык аралык аттестациянын бекитилген жыйынтыгы билим берүү органдарына, билим берүү уюмдарына жиберилет.

№ 1-тиркеме

ЖАЛПЫ БИЛИМ БЕРҮҮ УЮМУНДА АРАЛЫК АТТЕСТАЦИЯСЫН ӨТКӨРҮҮ ТУУРАЛУУ МААЛЫМКАТ

______________________________________________

(аты-жөнү)

______________________________________________

(Жалпы билим берүү уюмунун аталышы, дареги)

______________________________________________

___________ - окуу жылында аралык аттестация өтүлдү

______________________________________________

| № | Окуу сабактарынын аталышы | Жарым жылдык, класс, сабактын толук курсу | Баасы |
|---|---|---|---|
| 1. | | | |
| 2. | | | |
| 3. | | | |
| 4. | | | |
| 5. | | | |
| 6. | | | |
| 7. | | | |
| 8. | | | |
| 9. | | | |
| 10. | | | |
| 11. | | | |
| 12. | | | |

__________________________________ класс __________.
(Окуучунун аты-жөнү) (окууну улантат, көчүрүлдү)

Жалпы билим берүү уюмунун мүдүрү__________
(Аты-жөнү)

(М.О.)

"___" ___________ ______ж.